УДК: 37(398.91)(575.2)

*Ильгильдиева А.А., аспирант*
*E-mail: aizulya555.85@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ – ТАРБИЯНЫН КЕНЧИ ЖАНА "МАНАС" ЭПОСУ

# ПОСЛОВИЦЫ И ПОГОВОРКИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА КАК КЛАДЁЖЬ ВОСПИТАНИЯ И ЭПОС «МАНАС»

# THE KYRGHYZ PROVERBIALS – EDUCATIONAL RESOURCE AND EPOS "MANAS"

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада элдик макал-лакаптар келечек муундарды туура тарбиялоодо өзөктүү баалуулук катары каралып, адеп-ахлак, ыйман тарбиясын натыйжалуу жүргүзүүдө "Манас" эпосунун мазмунун окуп-үйрөнүүнүн чоң мааниге ээ экендиги белгиленет.*

***Аннотация****: В данной научной статье народные пословицы и поговорки имеют сильное влияние на воспитание достойных будущих поколений, а также в воспитании эпос "Манас" имеет эффективную и огромную роль.*

***Abstract:*** *This scientific article considers proverbials which have a big influence on future generations and in teaching moral education as an effective value to learn the content of the epic "Manas".*

***Түйүндүү сөздөр****: макал – лакаптар, адеп, тарбия, маданият, элдик педагогика, өсүп келе жаткан муун.*

***Ключевые слова****: Пословицы и поговорки, нравственность, воспитание, культура, народная педагогика, подрастающее поколение.*

***Key words****: Proverbial, morality , education, culture, public education, growing generation.*

Кыргыздын акылы – макал. Макал – нак акыл. Ылакап - ылайык кеп. Макал көбүнчө акылга басым жасаса, ылакап эске таянат. Ошондуктан, акыл-эс сыяктуу макал-ылакап да чогуу айтылат. Кыргыз элинин макал-лакаптары өсүп келе жаткан келечек муундарды тарбиялоонун, алардын көз карашын кеңейтүүнүн, түшүнүгүн тереңдетүүнүн көөнөргүс руханий азыгы катары байыртадан кызмат кылып келген [5.].

Кыргыздардын элдик педагогикасынын өзөгүндө жаткан жана эл тарабынан аздектелип чогултулуп келген нарк-нускалуу каада-салт, үрп-адат, макал-лакаптар кудурети күчтүү руханий жана маданий дараметке ээ. Буларды ата-бабалардын жаштарга керээздеген акыл нускоолору катары да түшүнүү керек.

Бүгүнкү күндөгү тарбия маселелерин объективдүү жана илимий жактан негиздүү чечүү үчүн, биздин оюбузча, ошол өткөн муундардын жаш муундарды тарбиялоодогу тажрыйбасын изилдөөнүн жана үйрөнүүнүн орчундуулугу чоң экендиги талашсыз. "Ыйман, адеп жана маданият жылында" ар бир кыргыз жараны бул багытта көптөгөн пайдалуу аракеттерди жасоосу жана аз болсо да өз салымын кошуусу абзел. "Ыйман, адеп, маданият" булар бири-бири менен өзөктөш болгон өтмө маанидеги, өз ара тыгыз байланышкан түшүнүктөр. Маданияттуулуктун башаты – адептүү, ыймандуу адамдан башталат. Сагымбай Орозбак уулунун вариантындагы макал-лакаптар кыргыз элинин тарыхый басып өткөн узак жолунда элибиздин келечекке татыктуу муунду тарбиялоосунда оозеки көркөм чыгармачылыктын ээлеген ордунун өзгөчө чоң экенин белгилейт. Айрыкча дидактикалык маанайдагы макал-лакаптар элдик тарбиянын уюткусу катары эсептелет. Кыргыз элинин эчендеген кылымдарды карыткан уюткулуу маданий салтында улуулар кичүүлөргө, аталар балдарына, устаттар шакирттерине тарбия берип, өнөр үйрөтүп, улуу муундар жүрүм-туруму, адеби, сүйлөгөн сөзү менен үлгү болуп, өрнөк көрсөтүп, урпактар үчүн кам көрүп келген. Элдик тарбия – улутту, улут – элди эл катары сактап келген, элдин тилин, маданиятын кылымдардын кыйырынан тарта бүгүнкү күнгө дейре кумга сиңген суудай жок болуп кетүүдөн сактаган көөнөрбөс улуттук

баалуулуктардын бири. Мына ушул элдик тарбия оозеки чыгармачылыгыбыздагы дидактикалык өзгөчө жүктү көтөргөн жанрлардын катарын толуктайт. Анын ичинен элдин көп кылымдык тажрыйбасынан улам жаралып, калктын таалим-тарбиялык акыл жемиши болгон макал-лакаптар чоң роль ойногон. Анткени, кыска, так жана жеткиликтүү айтылуусу менен (“Сөздүн көркү – макал”) макал-лакаптар бөлөк дидактикалык өңүттөгү чыгармалардан айырмаланып турат [2].

“Ыйман, адеп жана маданият жылында” ар бир кыргыз жараны бул багытта көптөгөн пайдалуу аракеттерди жасоосу жана аз болсо да өз салымын кошуусу абзел.

Мисалы: Абийир тапса баласы, атасына бак конот.
Абийирсиз уул атасына асылат.
Адал болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт.
Адал иш абийир таптырат, арам иш азабын тарттырат.
Адал иштин арты – бакыт.
Адал эмгек абийир таптырат.
Адам болмок аста – аста, айбан болмок бир паста.
Аракет кылсаң, берекет.
Билим алуу ийне менен кудук казгандай.
Жакшы ишти жаштыгыңда адат кылсаң, чоң болгуча көнөсүң,
Каргыганда адат кылсаң, көнгүчө көмүлөсүң.
Жигетке житимиш өнөр аздык кылат
Окуй берсең – көзүңдү ачат, отура берсең жалкоолук басат.
“Окуу, бул эмгек, эмгекчил болсоң – алга барасың,
Эмгексиз болсоң – артта каласың.
Бөрк ал десе, баш кескен [4].
Өтүрүк сөз – өлгөн сөз,
Жалган айткан жаман сөз [4].
Сактыкка кордук жок деген [4].
Жакшылык көрсөң тең көргөн, жамандык көрсөң бир көргөн [4].

Ушул сыяктуу тарбиялык зор таасирин тийгизе турган макал-лакаптар, жаш өспүрүм балдардын ыймандуу, адептүү болуп өсүп-жетилүүсүнө түрткү берет.

Жаштарга таалим-тарбия берүүчү макал-лакаптар элдик оозеки чыгармалардын бардык жанрларында ыңгайына жараша көп жолугат. Анткени кыргыз эли илгертеден сөзгө өтө чоң маани берип, айтылып жаткан сөздү кулак түрө угуп, тыншап ар бир сөзү таасирдүү, уккулуктуу, мааниси терең болуусу үчүн макалдатып сүйлөшкөн. Мындан улам кыргыз элинин жашоо - турмушунун жандуу энциклопедиясы болгон “Манас” эпосу макал-лакаптарга өзгөчө бай [1].

“Манас” – кыргыз элинин миң жылдар бою оозеки айтылып келе жаткан көркөм чыгармаларынын улуу мурасы. Ушул ата-бабаларыбыз калтырып кеткен улуу мурасыбыздын, руханий байлыгыбыздын ички мазмунунда кыргыз элинин тарыхы, үрп-адаты, каада-салты, ошону менен бирге жаш муундарга таалим-тарбия берүүчү макал-лакаптар эпостун сюжеттик курулушун тереңдетүүгө, өңүктүрүүгө, тилдик көркөмдүгүн арттырууга өзгөчө салым кошконун көрөбүз. Ал эми “Манас” эпосундагы макал-лакаптардын тарбиялык мааниси тууралуу өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Себеби “Манас” эпосунда камтылган макал-лакаптар бүгүнкү күндөгү жаңы муунду тарбиялоодо коомчулук үчүн аба менен суудай керек болуп турган учур. Ошондуктан таалим-тарбия ала турган асыл дөөлөтүбүз “Манас” эпосу экенин эсибизден чыгарбашыбыз керек [4].

Кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы – гениалдуу “Манас” эпосу элибиздин каада-салтын, үрп-адатын, социалдык түзүлүшүн, рухий баалуулуктарын чагылдыруу менен эчендеген кылымдарды карытып, муундан-муунга өтүп, оозеки түрдө сакталып келген. Бекеринен Ч. Валиханов “Манасты” “кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламаларынын энциклопедиялык жыйнагы” деп жазбаса керек. Ал эми

академик В.В. Радлов “Манас” эпосун “элдин бардык турмушунун жана бардык умтулууларынын чагылышы”, - деп баамдаган.

“Манас” эпосу кыргыз элинин маданиятында өзгөчө орунду ээлейт. Эпостун баш каарманы Манас – элдик баатыр, кыргыз элинин көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн күрөшкөн. 500 000ден ашуун ыр саптарынан турган «Манас» эпосу жөнүндө оозеки легенда муундан-муунга көптөгөн кылымдар бою берилип, айтылып келген. «Манас» эпосу дүйнө жүзү боюнча эң көлөмдүү эпикалык чыгарма болуп таанылган. Кыргыздардын чыныгы турмушундагы окуяларды чагылдырган эпос, калк арасында кадыр-барктуу жана сый-урматка ээ айтуучу – манасчы тарабынан айтылат [3].

Мындан сырткары «Манас» кыргыз элинин жашоосун жөнгө салуучу салттык мыйзамдардын жана жоболордун жыйындысы катары кызмат кылат. Эпостун айрым жоболору өлкөнүн заманбап өнүгүү багытында элдик, улуттук биримдиктин улуттук идеологиясын түзүү үчүн кызмат кылган.

**Адабияттар**:

1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт / Көркөмдөгөн С. Жамгырчиев. - Бишкек, - 1993. –б.224.
2. Дүйшөнбаева А. Макаласынан Tuesday,5 June -2007. Маданият11 пикир
3. Жусуп Мамайдын варианты боюнча / Транслитерация: А. Мукаш кызы, Ч. Субакожоева, Б. Иличбекова, Т. Герцендин сүрөттөрү пайдаланылды. – Б. “Нур-Ас”, -2014 – б.752.
4. “Манас”. Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б.: Бийиктик плюс, 2015. -1416 б.
5. Сабыр Иптаруулу. Кыргыздын акылы – макал. /Шоокум, №1 (18), январь, -2008. – б.20-21.